# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№40

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 28-февралындагы №4 “Соттук чечим жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын өзгөрүшүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомдорун инвентаризациялоонун алкагында “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинин 3.2.пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м к ы л а т:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 28-февралындагы №4 “Соттук чечим жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун Преамбуласынын 3-абзацындагы “233-беренесинде” - деген сөздөр “231, 233- беренесинде” - деген сөздөр менен алмаштырылсын, андан ары текст боюнча;

2) токтомдун Преамбуласынын 4-абзацындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесинин 2-пунктун жана Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесин” - деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-пункту, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин” - деген сөздөр менен алмаштырылсын, андан ары текст боюнча;

3) токтомдун 1-пунктунун 7-абзацы төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“ апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттордун соттук актылары сот өндүрүшү жүргүзүлгөн тилде жазылышы керек (Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 12-беренеси, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 6-беренеси);

4) токтомдун 2-пункту боюнча:

- 3,5- абзацтарда “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын”- деген түрдүү жөндөмөдөгү сөздөрдү “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту” - деген тиешелүү жөндөмөдөгү сөздөр менен алмаштырылсын;

- 4-абзацтагы “101” саны “102” санга алмаштырылсын;

5) токтомдун 4-пункту боюнча:

- 2, 3-абзацтар төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“Доонун эскириши иш боюнча соттун чечими чыгарылганга чейин ишке катышкан жактардын сотко берилген жазуу жүзүндөгү арызы боюнча гана сот тарабынан колдонулат. Доонун эскирүү мөөнөтүн өткөрүп жиберген тарап, мөөнөт жүйөлүү себептер менен өтүп кеткени тууралуу далилдерди келтириши керек”;

“ Ишке катышкан тараптардын доонун эскирүү мөөнөтүн колдонууну сурап кайрылуусу доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарууга негиз болот”;

- токтомдун 4-пункту төмөндөгүдөй бешинчи абзац менен толукталсын:

“Бузулган укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылган жарандардын, юридикалык жактардын, ишкердик жүргүзгөн жана башка жарандардын доонун эскирүү мөөнөтүн колдонуу талабы калыбына келтирилиши мүмкүн, ал эми тараптардын бузулган укуктары жарандар өз убагында, аларга көз каранды болбогон себептер менен доонун эскирүү мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн себептерин сот тарабынан жүйөөлүү деп таанылганда, бузулган укуктары сот тарабынан корголууга жатат. Мындай учурда соттун чечиминин жүйөөлөмө бөлүгүндө, мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн жүйөлүү себептерин калыбына келтирүү жөнүндөгү соттун корутундусу көрсөтүлөт. Корутунду бөлүгүндө доо талаптардын канааттандырылганы же доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө корутундуну камтылат”;

-бешинчи абзац алтынчы абзац болуп эсептелсин;

6) токтомдун 11-пунктунун 16-абзацы төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“Сот нотариустун нотариалдык аракетти жасоодон баш тартуусун жана нотариусту нотариалдык аракетти жасоого милдеттендирүүнү мыйзамсыз деп тааныганда, чечимдин корутунду бөлүгүнө кайсы нотариалдык аракетти ким жасоосу керектигин көрсөтүшү керек (Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 318-3-беренеси);

7) токтомдун 11-пункту төмөнкүдөй мазмундагы 17-абзац менен толукталсын:

- “Сот арызды негиздүү деп таанууда жана сот аткаруучуну жол берилген мыйзам бузууну четтетүүнү жоюу жагын милдеттендирүү жөнүндө аныктама чыгарганда, аныктаманын корутунду бөлүгүнө жол берилген жарандын (уюмдун) укуктарын жана эркиндиктерин бузгандыгын же жарандын (уюмдун) анын укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруусуна тоскоолдуктар кылган кайсы бузууларды сот аткаруучу четтетүү керектигин так көрсөтүү керек (Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 6-беренеси)”.

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**